Б.Т.Турусбеков атындагы КМДТжСА нын илимий изденүүчүсү, К.П.Манашеванын “Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педегогикалык негиздери”аттуу темадагы 13.00.01-жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04-дене тарбиянын, спорттук машыгуунун, саламаттыкты сактоо жана адаптивдүү дене тарбиянын теориясы менен методикасы боюнча, педагогика илимдеринин кондидаты окмуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген илимий жетекчиси п.и.д.,профессор Р.Н.Токсонбаевдин

## ПИКИРИ

К.П.Манашева Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтун бүтүргөндөн кийин билим берүү системасынын ар кандай тармактарында иштеген.

Илимий –педагогикалык иштерине байланыштуу акыркы 10 жылдын ичинде Б.Т.Турусбеков атындагы КМДТжСА да мугалим болуп эмгектенет.
Диссертациялык ишти максаттуу аткаруу менен баардык илимий пландарды, тапшырмаларды өз убагында жана аларды сапаттуу аткара алган. Белгилүү адис-педагогдор менен тыгыз байланышта болуп, алардын кенештерин алган. Илимий иштердин жыйынтыктары боюнча КР дагы жогорку окуу жайларда жана илимий эл аралык журналдарда 12 ден ашык өзүнүн илимий эмгектерин жарыка чыгарган.

К.П.Манашева тарабынан даярдалып сунушталган “Дене тарбия мугалимдерин даярдоодо тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педегогикалык негиздери”деген темадагы кандидаттык диссертациясы дене тарбиядагы спорт илиминин теориясы менен практикасында жана жалпы педагогиканын тарыхы, ошондой эле билим берүүнүн, учурдагы эң маанилүү, актуалдуу жана көйгөйлүү суроолору болгон, улуттук тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун маселелерин иштеп чыгууга жана чечүүгө арналган.
Өлкөдөгү социалдык-экономикалык жаңылануулар дүйнөлүк билим берүүдөгү мейкиндике аралашуу багытындагы аракеттер жанданып, болочок жогорку билимдүү адистерди даярдоонун мазмуну жана парадиагмасы өзгөрүп, бул процесске улуттук маданияттын баалуулугу жана каада-салттык каражаттары да тартыла баштады.

Тогуз коргоол оюнунун орду кыргыз элинде өзгөчө орунга ээ болуп, улуттук оюн катары, учурда билим берүү окуу жайларында дене тарбия маселелерин чечүүдө кеңири колдонулуп, студенттердин универсиядагы мелдештеринин программасынан кеңири орун алган. Кыргызстандагы акыркы жылдарда улуттук маданияттын баалуулугу көтөрүлүп, бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюнунун өтүлүшү, тийиштүү руханий дөөлөттөрдүн өнүгүп келе жаткандыгына күбө боло алат. Илимий изилдөөлөрдүн

көрсөткүчтөрүн алууда өзүнүн умтулуусу, тактыгы, обьективдүүлүгү, койгон максатына жетүү үчүн кылган аракеттери байкалды.

Кандидаттык ишинде материялдарды формага келтирүү менен төмөнкүдөй милдеттерге көнүл бурган:

- дене тарбия багытында окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун илимий териялык жана практикалык абалын талдоо;

-тогуз коргоол боюнча кесиптик компетенттүүлүгүнүн моделин түзүү жана моделдин натыйжалуулугун педагогикалык эксперименттин жардамы менен текшерүү.

-дене тарбия багытында окуган студенттердин тогуз коргоол боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун критерийлерин, деңгээлин,көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу.

Учурда болочок дене тарбия мугалимдерин, машыктыруучуларды окуучулар менен иштөөгө даярдоодо төмөнкүдөй карама- каршылыктар байкалат:

-жаны өзгөрүлгөн шартта дене тарбия мугалимдеринин ишине коюлган талаптар менен жогорку окуу жайларда аларда ишмердүүлүкө даярдоонун мазмуну жана билим берүү технологиялардын ортосундагы айырмачылык:

-жогорку окуу жайларда болочок дене тарбия адистер менен иштөөдө улуттук тогуз коргоол оюну боюнча даярдоонун аракеттерин камсыз кылуунун теориялык жана педагогикалык шарттарынын негиздерин иштелип чыкпагандыгынын ортосундагы айырма:

-тогуз коргоол оюну боюнча адистик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык негиздеринин түзүлбөгөндүгү.

К.П.Манашева тарабынан белгиленген жагдайларды эске алуу менен, тогуз коргоол оюнунун дене тарбия адистерин даярдоодо колдонуудагы педагоикалык негиздери жана тогуз коргоол боюнча адистик компетентүүлүгүн калыптандыруу моделин, критерийлерин иштеп чыгууну илимий жактан изилдене элек жагдайларын эске алуу менен өзүнүн диссертациялык изилдөөсүнүн илимий актуалдуулугун туура аныктай алган.

Диссертациялык иштин илимий жактан ийгиликтүү жыйынтыкталган, илимий баалуулугу жогору жалпы педагогика билим берүүнүн жана педагогиканын тарыхы,дене тарбиянын теориясы, методикасы жана практикасына кошумча жаңы жаңылыктарды кийирген илимий эмгек деп эсептесек болот.

Диссертациянын мазмуну жана дайардалышы Кыргыз Республикасынын Окумуштулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобонун 10 п.талаптарына жооп берет.

Манашева Кенжегүл Пазыловнаны 13.00.01.-жалпы педагогика ,педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы; 13.00.04.-дене тарбиянын,спорттук машыгуунун,саламаттыкты сактоо жана адаптивдүү дене

тарбиянын теориясы менен методикасы адистиги боюнча, педагогика илимдеринин кандидаты деген илимий даражаны ыйгаруууга татыктуу деп эсептейм.

Илимий жетекчи п.и.д.,профессор Р.Н.Токсонбаев

“__15__” __февраль__ 2024-ж

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Б.Т. ТУРУСБЕКОВ атындагы
КМДТжСАнын
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы
Колу________
«___» ______ 20__ ж.

Профессор Р.Токсонбаевдин кол тамгасын тастыктаймын.